# Улуттук банктын ноталары

*(2012-жылдын март айы)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




Март айында ноталар сунуш көлөмүнүн чогуу алгандагы көрсөткүчү өткөн айга салыштырмалуу 6,3 пайызга 3,0 млрд. сомго төмөндөгөн. Сунуш көлөмүнүн 2,7 пайызга чейин 3,4 млрд. сомго төмөндөшүнөн улам, баалуу кагаздарды сатуу көлөмү 2,5 млрд. сомго (-11,0 пайызга) азайган. Мындай төмөндөөнүн негизи себебинен болуп жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк жана 14 күндүк ноталарды сатуунун азайышынан улам болгон, аларды жайгаштыруунун көлөмү айдын жыйынтыгы боюнча 190,0 млн. сомду (-45,6 пайыз) жана 328,3 млн. сомду (-43,9 пайыз) түзгөн. Мында көбүрөөк талап кылынган жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталарды сатуу тескерисинче 6,1 пайызга 1,9 млрд. сомго өскөн. Рыноктун катышуучулары жагынан алып караганда үч ири коммерциялык банктар жана суммардык үлүшү рынокто жайгаштырылган бардык баалуу кагаздардын көлөмүнөн 49,7 пайызды түзгөн бир институционалдык инвестор негизги жигердүүлүктү көрсөтүшкөн.

Караоого алынган мезгил аралыгында рынокто жайгаштырылган баалуу кагаздардын бардык түрлөрү боюнча кирешелүүлүктүн үч ай бою төмөндөшүнүн эсебинен Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган жалпы кирешелүүлүгү 0,3 пайыздык пунктка 9,0 пайызга чейин төмөндөгөн: жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү 0,2 пайыздык пунктка 5,9 пайызга, 14 күндүк ноталар – 0,4 пайыздык пунктка 7,3 пайызга, 28 күндүк ноталар – 0,8 пайыздык пунктка 9,6 пайызга чейин азайган.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**



Суроо-талаптын орточо аукциондук[1] көлөмү март айында өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырганда 2,7 пайызга төмөндөп, 837,9 млн. сомду түзгөн, Сатуулардын орточо аукциондук көлөмү 9,9 пайызга чейин 616,0 млн. сомго азайган.

Кароого алынган мезгил аралыгында жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмү 8,6 пайызга төмөндөп, 2,1 млрд. сом деңгээлинде түптөлгөн. Институционалдык инвесторлордун үлүшүнүн 17,4 пайызга чейин (-9,5 п.п.) кыскарышы төмөндөөнүн негизги себебинен болгон. Мында негизги ээлик кылуучу коммерциялык банктардын салыштырма салмагы портфелдин жалпы түзүмүндө 71,3 пайызга жетип, тескерисинче 5,3 пайыздык пунктка өскөн. Юридикалык жак-резиденттердин үлүшү 4,2 пайыздык пунктка, айдын жыйынтыгы боюнча 11,2 пайызга өскөн, ал эми жеке адамдардын үлүшү 0,1 пайызды түзгөн.

0,13 өлчөмүндө калыптанган банктык ноталар портфелинин концентрациялануу[2] индексинин көрсөткүчү концентрациялануунун орточо деңгээлге чейин төмөндөшүн, рынокто үлүштөрү бирдей сегиз ири катышуучунун катышуусуна эквиваленттүү экенин көрсөтөт.

**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сунуунун динамикасы**




**1-таблица. Улуттук банктын ноталарынын аларга ээлик кылуучулар боюнча түзүмү**

*млн.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент жеке адамдар | | Институт. инвестор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.04.2011 | 1165.2 | 464.1 | 39.8% | 371.1 | 31.9% | - | 0.0% | 330.0 | 28.3% |
| 01.05.2011 | 738.6 | 334.9 | 45.3% | 0.7 | 0.1% | - | 0.0% | 403.0 | 54.6% |
| 01.06.2011 | 863,7 | 574,2 | 66,5% | 28,5 | 3,3% | - | 0,0% | 261,0 | 30,2% |
| 01.07.2011 | 1093,2 | 611,9 | 56,0% | 177,8 | 16,3% | 1,5 | 0,1% | 302,0 | 27,6% |
| 01.08.2011 | 1360,0 | 919,5 | 67,6% | 3,5 | 0,3% | 2,0 | 0,1% | 435,0 | 32,0% |
| 01.09.2011 | 1357,2 | 899,5 | 66,3% | 55,9 | 4,1% | 0,8 | 0,1% | 401,0 | 29,5% |
| 01.10.2011 | 1368,4 | 1055,2 | 77,1% | 49,1 | 3,6% | 0,1 | 0,0% | 264,0 | 19,3% |
| 01.11.2011 | 1738,2 | 1345,4 | 77,4% | 42,7 | 2,5% | 0,1 | 0,0% | 350,0 | 20,1% |
| 01.12.2011 | 1732,4 | 1215,8 | 70,2% | 49,6 | 2,9% | - | 0,0% | 467,0 | 27,0% |
| 01.01.2012 | 1366,4 | 1065,3 | 78,0% | 19,4 | 1,4% | 0,2 | 0,0% | 281,5 | 20,6% |
| 01.02.2012 | 2209,5 | 1666,1 | 75,4% | 88,0 | 4,0% | 10,3 | 0,5% | 445,1 | 20,1% |
| 01.03.2012 | 2313,0 | 1527,6 | 66,0% | 162,9 | 7,0% | 1,1 | 0,0% | 621,5 | 26,9% |
| 01.04.2012 | 2113,8 | 1507,0 | 71,3% | 237,3 | 11,2% | 2,4 | 0,1% | 367,1 | 17,4% |

[1] Аталган көрсөткүч суроо-талаптын/сунуштун ай ичиндеги жалпы көлөмүнүн ордуна пайдаланылат, себеби аукциондордун ай ичиндеги саны туруктуу көрсөткүч болуп саналбайт.

[2] Аталган индекс банктардын портфелинде баалуу кагаздардын концентрациялануу деңгээлин көрсөтүп турат. Концентрациялануу индекси Херфиндаль-Хиршмандын методикасы боюнча эсептелинет жана жалпы көлөмдө көрсөткүчтүн салыштырма салмагынын квадраттарынын суммасын түшүндүрөт. Индекстин мүмкүн болгон маанилери 0дөн 1ге чейин маанилердин интервалында бар. Индекстин 0,10 кем эмес мааниси концентрациялануунун төмөн деңгээлине; 0,10дон 0,18ге чейин – концентрациялануунун орточо деңгээлине; 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогорку деңгээлине ылайык келет. Мисалга алсак, 0,50гө барабар концентрациялануу индекси бирдей үлүштөгү эки катышуучунун; 0,30 – 3 катышуучунун ж.б. катышуусуна эквиваленттүү.